**ОшМунун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 2 Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов Ош шаары, 12.10.2020-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. – Коомдук башталгычтагы илимий кызматкер жана тышкы байланыштар боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Аль Зарзур Али Йосиф- окутуучу-волонтер
4. Арипов Н.- Доцент, илимий иштер боюнча декандын орун басары
5. Жумабаев М.- Окутуучу, жана тарбия иштери боюнча декандын орун басары
6. Жусубалиев А.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
7. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
8. Исламоглу А. – декандын орун басары
9. Кадыров М.- Ага окутуучу
10. Калбердиев А.- Доцент, кафедра башчысы
11. Козукулов Т.- Доцент,
12. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кесиптик бирликтин төрагасы
13. Тажибаев С.- окутуучу-волонтер
14. Юсуф Өзтүрк- окутуучу-волонтер

Себептүү : жок

**Күн тартиби:**

1. Абитуриенттерди кабыл алуунун жана аларды Түркияга жөнөтүүнүн жыйынтыгы
2. Студенттердин сабактарга катышуусун талкуулоо жана жыйынтык чыгаруу
3. Факультеттин окуу-усулдук иштеринин жүрүшү жөнүндө
4. Ар түрдүү маселелер

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берип, күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча төмөндөгүлөргө токтолду:

Scanned with CamScanner

Теология факультетине 2020-2021-окуу жылында бакалаврга 42 абитуриент, алардын ичинен 29 кыз, 13 эркек бала окуу үчүн документтери кабыл алынды. Жылдагыдай Түркия мамлекетине пандемияга улам даярдоо курсуна кабыл алынган абитуриенттер жөнөтүлгөн жок. Бирок окуу программасы боюнча онлайн түрүндө сабак өтүүнү башташты.

Өткөн окуу жылында профориентация иштерин начар болуп өткөндүгү көрүнүп турат, жаңы окуу жылга карата региондордо кабыл алууга профориентация иштерин улантуу керек деп ойлойм. Эң жакшы реклама бул биздин студенттер, студенттерге жакшы билим беришибиз керек, студенттер бизге тирүү реклама болуп беришет.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе б-ча окуу иштери боюнча декандын орун басары Жусубалиев Али сөз сүйлөдү:

2020-2021- окуу жылынын сентябрь-октябрь айларындагы студенттердин катышуусу начар, сабактар онлайн түрүндө өткөндүгүнө байланыштуу, интернет жакшы тартпайт же телефон бузулуп калды деген шылтоолор көп айтылууда. Тийиштүү кураторлор тиешелүү студенттер менен байланыш түзүп, иш алып баруулары керек.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе б-ча факультеттен окуу-усулдук Кеңешинин башчысы С. Тажибаев сөз сүйлөдү:

2020-2021-окуу жылына факультеттин окуу-усулдук иштеринин бир жылдык иш планы түзүлгөн. О.э. ОшМУнун илимий-усулдук борборунун талаптарына ылайык факультеттеги ачык сабактардын, өз ара сабактарга катышуунун, илимий-усулдук семинарлардын графиктери түзүлүп, бекитилген. Ошондой эле ар бир предмет боюнча силлабустарды, жумушчу программаларды, окуу-методикалык комплектерди даярдоо боюнча кафедранын Кеңешмесинде да талкуу болуп, дээрлик бардык предметтер боюнча жумушчу программалар, силлабустар даярдалды.

**Ар түрдүү маселелер:** Дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын ага окутуучусу Кадыров Медербектин «Кыргыздарга Ислам түшүнүгүнүн калыптануусу жана диний жамааттар (постсоветтик мезгилге чейин)» аттуу монографиясын 2020-жылы жарыкка чыккан эмгектер үчүн “Мыкты монография” конкурсуна сунуштоо.

Scanned with CamScanner

**Угулду:** Кафедра башчысы А. Калбердиев, кафедранын ага окутуучусу Кадыров Медербектин «Кыргыздарга Ислам түшүнүгүнүн калыптануусу жана диний жамааттар (постсоветтик мезгилге чейин)» аттуу монографиясын талкууга салып, Илим күнүнө карата 2020-жылы жарыкка чыккан эмгектер үчүн "Мыкты монография" конкурсуна сунуштоону ортого салды. Кеңештин мүчөлөрү монографияны талкуулап сунушту колдошту.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин

**Кеңеши токтом кылат:**

1. Профориентация иштерин жакшыртуу боюнча иш чаралар иштелип чыгылсын. Факультетке 2021-2022-окуу жылга карата региондордо абитуренттерди тартуу боюнча иштери улантылсын. Видеоролик жана брошюралар жаңылынсын.
2. Окуу жылынын башынан бери сабактарга келбеген жана сабактарга начар катышкан студенттер менен тийиштүү кураторлор иш алып барсын.
3. Жетишүүсү төмөн студенттер менен жекече иштөө жагы тиешелүү предметникке жүктөлсүн.
4. Катышуунун жыйынтыгы тайпаларда талкуулансын. Сабактарды көп калтырган студенттер менен кураторлор себебин аныктап иш алпарсын.
5. Факультетин окуу-усулдук Кеңешинин иши мындан ары да жакшыртылсын. Окуу предметтери боюнча силлабустардын, жумушчу программалардын сапаттуу түзүлүү жоопкерчилиги кафедра башчысына, окуу-усулдук кеңештин башчысына жүктөлсүн.
6. Дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын ага окутуучусу Кадыров Медербектин «Кыргыздарга Ислам түшүнүгүнүн калыптануусу жана диний жамааттар (постсоветтик мезгилге чейин)» аттуу монографиясын 2020-жылы жарыкка чыккан эмгектер үчүн "Мыкты монография" конкурсуна сунушталсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner